УДК 7.03

Абдыбаев К.Ы., Орозобаев А.К.
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*
*И.Раззаков атындагы КМТУ*

# ОРТО КЫЛЫМДАГЫ ӨНҮККӨН КЫРГЫЗ СҮРӨТ ӨНӨРҮНӨ ИСЛАМ ДИНИНИН ТЕРС ТААСИРИ

*Макалада орто кылымдагы кыргыз сүрөтчүлөрүнүн чыгармаларындагы жетишкендиктери сүрөттөлүп, башка элдердин материалдык эстеликтери менен салыштырылат жана аларга ислам дининин тийгизген таасири тууралуу ойлор козголот.*

*В статье рассмотрены достижения кыргызских художников в средних веках, проведено сравнение материальных памятников других народов и вопросы о влиянии ислама на них.*

*The article describes the achievements of Kyrgyz artists in the Middle Ages, a comparison of material monuments of other nations, and guest ions about the impact of Islam on them.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *руханий дөөлөттөр, маданият, искусство, барельеф, миниатюра.*

***Ключевые слова:*** *духовные наследие ,культура, искусство, барельеф, миниатюра.*

***Keywords:*** *Spiritual Heritage, culture, Art, Bas – relief, Miniature.*

Ар бир эл өзүнүн тарыхы, басып өткөн жолу, үрп-адаты, маданияты, тактап айтканда, руханий дөөлөттөрү менен сыймыктана алат жана алар келечек муундарды тарбиялоодогу негизги күч катары санасак болот. Эл өзүнүн тарыхын, ата-бабаларынын эрдигин, маданий асылдыктарын, жамаатташ элдер менен байланыштарын билүүсү абзел. Тарых - атак-даңктын, ар элге таандык каада-салттын соолубас булагы. Элдин тарыхында миңдеген жылдардагы уруулардын, мамлекеттердин маданий жана аскерлик байланыштары, баскынчыларга каршы кыл чайнашкан күрөштөрү канчалык көбүрөөк болсо, элдин ынтымагы ошончолук бекем, күчтүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүгү бийик, мүмкүнчүлүгү ошончолук кеңири болорун карт тарых аңыздайт. Ушундай элдердин ичине кыргыздар да кирет. Энесайдагы биринчи малчылар тууралуу б.з.ч. III кылымдардагы маалыматтардан баштап кыргыздар жөнүндө б.з. I кылымындагы жазуу булактарында жолуктурулат. **“**Кыргыздар Орто Азиянын эң байыркы элдеринин бири эсептелинет жана азыркы убакта да бул чөлкөмдө жашаган этностор арасынан сыягы, тарыхта аты ушунча эрте жолуккан бир да калк болгон эмес” деген академик В.В. Бартольддун айткан сөзү жетиштүүлүк кылат болсо керек.

Орто Азия, Шибер элдери бай маданиятка жана кубаттуу жоокердик күчкө ээ болушкан - алардын ичинде теңир-тоолук жана Энесайдан келген байыркы кыргыздар алдыңкы орундардын бирин ээлеп турушкан. Кыргыздардын жасаган зер буюмдарына, курал-жарактарына, устачылыгына ошол мезгилде Кытайдын, Ирандын гана зергерлери, усталары тең келе алган.

Кыргыз калкы өзүнүн өткөндөгүсү, тарыхы менен сыймыктанууга толук укуктуу. Орто Азиянын эң байыркы урууларынын бири катарында ал маданият менен искусствонун көптөгөн шедеврлерин калтырган. Айрым фактылар муну эң сонун ырастайт.

Бүгүнкү күнү жалпы элибиз сыймыктана турган көркөм чыгарманы Пазырык маданий доорунан калган, кадимки кыргыздардын кийиз бетине түшүрүлгөн ат минген адамдын бейнеси (портрети) дүйнөлүк шедевр катары «Дүйнө кереметтеринин жыйындысы» деген Орусияда чыккан китепке киргендигин белгилесек болот. Бул бейненин чекесине кадимки биз күнүгө көрүп жүргөн кыргыздардын мүйүз оюусу коздолуп түшүрүлгөн. Белгилүү тарых изилдөөчү Н.А.Артистов бул көркөм чыгарманы көрүп «Кыргыз оюулары 3000 жыл мурун кандай болсо, бүгүн да ошондой, эч кандай өзгөрүүлөр болгон эмес» деп айткан. Бул сөз кыргыз калкынын байыркы эл экенибизди, өзгөчөлөнгөн маданияттын, руханий байлыктын ээси экендигибизди көрсөтүп, айгинелеп

турат.

Анда кыргыздардын материалдык маданиятынын дагы бир эстелигин талдап карасак, элибиздин жүзүн, ким экенибизди, кыргыз сүрөткеринин чыгармачыл дараметин ушул сүрөттөн көрүүгө болот.

Ысымы белгисиз бир байыркы энесайлык сүрөтчү барельефтүү коло күбөктө чокуларын жапыз каалгыган булуттар чулгаган токойлуу тоонун арасында чаап бараткан атчан адамдын сүрөтүн чеберчилик менен колонун бетине түшүргөн. Тизгинди коё берген. Атчан адам аттын мойнуна эңкейип, артына бурулуп, өзүнө кол салууга даяр турган барсты мээлеп, жаанын жибин кере тартып жатат. Атчан аңчыдан үркүп бугу, тоо теке, жаалданган каман сыяктуу жапайы жаныбарлар дыр коюп качып баратышат. Атчанга кол салган айбаттуу барска таамай аткан жебеден өлүм коркунучу келип тургандай. Көпөн кыштагынын жанындагы бир бай кыргыздын бейит коргонунун ичинде жашыруун катылган жерден табылган ээрдин тердигинин эң сонун жасалгаларынын сюжеттери мына ушундай. Бул бейиттен жалпы салмагы 7,5 кг алтын идиштер да табылган. Идиштерде зергер чийип түшүргөн Энесай кыргыз жазуу менен жазылган, кимге арналганы тууралуу жазуусу бар, ал бул табылганын кыргыздардын искусствосуна таандык экенин жана сүрөттүн композициялык чечилиши, анын аткарылыш ыкмасынын жогорку деңгээлде жасалганы, чыгарма ошол доордогу дүйнөлүк шедеврлерден экендигин ырастап турат. Коло күбөктүн сюжети адамдын жапайы жана күчтүү душманы барс менен жекеме-жеке күрөшкө чыккан аңчы кыргыздын баатырдыгын айгинелейт. Көпкө каршы жалгыз беттеп чыгуу — жоокердин баатырдыгынын символу. Бул баатырдык кыргыздардын бешиктеги курагынан бери, б.а., б.з.ч. экинчи миң жылдыктан бери тарта, малчылык менен дыйканчылыкты билген, жогорку чеберчиликтеги кол өнөрчүлүккө, темир устачылык менен куюу өнөрүнө, таш чегүүчүнүн жана бедизчинин (скульптордун) тажрыйбасына ээ болгон кыргыздар өз маданиятын Кытайдын, Ирандын жана Орто Азиянын цивилизацияларынан кабыл алып, өздөштүргөндөр менен байыткан.

Кыргыздар Борбор Азиядагы коңшуларын өздөрүнүн маданияты менен байытышкан, муну көптөгөн изилдөөчүлөр, алардын ичинде америкалыктар (мис, Мак Говерн) да бир ооздон макул табышууда. Кыргыздар өз тарыхынын эң башынан тартып эле дүйнөлүк маданияттын чөйрөсүнө тартылган. Биздин замандын чегинде эле байыркы кыргыздар этрускилер менен байыркы римдиктер, Крымдагы боспорлуктар жана Фаумдагы египеттиктер жасашкандай, өлгөндөрдүн бет бейнесин түбөлүк сактап калуу үчүн, алардын арбактарына сыйынуу культун түзүү үчүн өлгөн адамдын бетин бет кеп менен жаап коюшкан.

Жогоруда сүрөттөлгөн атчан аңчы мурда эле Ассурбанипалдын (б.з.ч. VIII к.) ассириялык барельефтеринде, парфяндардын (б.з. I к.) коропластикасында (майда чопо буюмдар), скиф-сармат алтын жасалгаларында (б.з. чегинде) жана сасанилердин (б.з. III—VII кк) торевтикасында (металл буюмдар) жашаган. Бирок бул — ассириялык падышанын момурап отурган эпикалык сөөлөтү эмес, сасанилик шахин-шахтын жансыз иконографиясы эмес, талаанын эркиндикти сүйгөн адамынын шайдооттугу, баатыр жоокердин кужүрмөн кайраты чагылтылган сүрөт. VI—IX кылымдардын күбөктөрү кыргыз жоокеринин бейнесин, Энесай көчмөндөрүнүн кул ээлөөчүлүк мамлекетинин атуулун, б.з. VI—IX кылымдагы кыргыз кагандыгынын кыргыз жоокерин мүнөздөйт. Ал сапаттар кытай жылнаамаларындагы «кыргыздар ар-намыстуу жана туруктуу келишет» деп урматтап айтылган саптар менен ырасталып турат.

Ал эми Барсбекке окшогон бектердин бейиттеринде таш мамылар орнотулуп, алардын бетине бектердин эрдигин даңазалаган, уйкаш саптардан турган, патетикалык маанайдагы насаат сөздөр чегилген.

Байыркы кыргыз тилинде, байыркы кыргыз тамгасы менен чегилип түшүрүлгөн

эстелик жазуулары бар бул таш мамылар (монументтер) Евразия элдеринин эң байыркы адабиятынын (эң байыркы, 648-жылдагы Бегренин тексти менен белгиленген) үлгүсү болуп саналат, ал тексттерде өлгөн адамдын эрдиги сөздүн эбегейсиз зор күчү менен даңкталган. Кыргыздын сүрөтчүлөрү жогорку чеберчиликтеги кол өнөрчүлүккө, темир устачылык менен куюу өнөрүнө ээ болгону, таш чегүүчү жана бедизчилик (скульптордук) өнөрдүн нагыз чеберлери болгондугун тарых ырастап турат.

Ал эми үчүнчү биз карай турган өнөр (искусство) чыгармасы - азыркы Кыргызстандын аймагында жашаган орто кылымдагы караханиддердин заманында жаралган сүрөттөр. Тимуриддердин баш борборлорунда китеп каллиграфиясы менен миниатюра искусствосу болуп көрбөгөндөй бийиктикке жеткен. Ошол мезгилде Орто Азияда Абу аль-Хайя, Шахт-Муззафар, Касим Али, Баги-Шамаль, Самарканди сыяктуу улуу миниатюристтер жашап өтүшкөн. Мусулман өлкөлөрүндө, Чыгыш маданиятында миниатюраларды көп пайдаланышкан. Аны Улукбектин, Саадинин, Алишер Навоинин, Омар Хайямдын чыгармаларынан көрүүгө болот. Бул миниатюралардын негизги темалары диний китептерден, күндөлүк жашоо, согуштук жүрүштөр, көрүнүктүү адамдардын бейнелери жана башка чыгармалардан алынган сюжеттер болуп эсептелет. Бул тарыхый, майдан, тиричилик жана диний жанрлар боюнча миңдеген жылдардан бери тартылган, чегилген, жасалган чыгармалар бар.

Сүрөтчүлөр мечиттердин дубалдарын ичи-сыртын, шыбын ар түркүн бедиздер, орнаменттер, сүрөттөр, ар кандай оймо-чиймелер менен кооздоп, шөкөттөп келишкен. Самарканддагы Регистан мавзолейинин бетине эки жолборстун башы тартылган. Куполу ак-көк түстөгү керамикалык тактачалар, ички бети ганчо оймолору, сырты бышкан кирпич менен ар түркүн көз жоосун алган оюулар коштолуп, араб тамгалары менен “Курандын” сүрөөлөрү түшүрүлүп кооздолгон. Ал эми диний китептерди ар түркүн миниатюралар, оюулары менен саркечтеп кооздоп сүрөттөшкөн. Мусулман désininde адамдардын, жан-жаныбарлардын сүрөттөрүн түшүрүүгө тыюу салынган. Мечиттерде “Ыйык Курандын” сүрөөлөрү түркүн орнаменттер менен кооздолуп, дубал беттери да кооздолуп келген. Кээде гана “Ыйык Куран “китебиндеги окуялардан алынган сюжеттердин негизинде тартыган миниатюраларда адамдын жана периштелердин, жаныбарлардын сүрөттөрү түшүрүлгөн учурлары болгон. Мисалы: Ыйык Курандын” негизинде тартылган Ыбрайым пайгамбар уулун курмандыкка чалаарда Алла Таала периштелер аркылуу асмандан ак кочкор түшүргөндүгүн сүрөт аркылуу аңдайбыз.

XV кылымда Фергана өрөөнүн акын, тарыхчы жана саясатчы тимурид (Аксак Темирдин тукуму) Захир ад-дин Бабур башкарып турган. Анын «Бабур-намэ» деген китебинде Ош, Өзгөн шаарлары тууралуу белгисиз каллиграф-миниатюрист тарабынан тартылган кооз сүрөттөр сакталып калган. Ош шаарынын абасынын, суусунун тазалыгын, жазгы Ошко суктануу менен Фергана өрөөнүндө мындай кооз жер жок деп ырында жазган. Бул китепте жазгы бакта Бабурдун китеп окуп отурган бейнеси, арткы чөйрөсүндө (фон) гүлдөгөн бадам багы менен күмүш терек. Бул Бабур сүйгөн жазгы Ош болсо керек. Экинчи сүрөт майдан (согуш) жанрында тартылган, анын аталышы “Өзгөндү курчоо». Бул сүрөттө эски Орто-Коргон чеби өзүнүн бийик мунаралары, кызыл-ак дубалдары, асма көпүрөлөрү жана чепти айланта казылган суу коё берилген аңдар. Чабуул коюп кире албай жаткан душмандар, сепилдин баатыр коргонуучуларынын тайманбас каршылыгы, орто кылымдагы адамдардын турмуш-жашоосу сүрөттөлгөн. Буга окшогон миниатюралар Кыргызстандын аймагында сакталбай калган.

Ал эми жакында табылган сүрөттө кыргыз ханынын өз нөөкөрлөрү менен эс алуу учуру белгисиз миниатюрист тарабынан тартылган. Бул сүрөт белгисиз кыргыз сүрөтчүсүнүн кыл калеминен жаралганына шек жок. Бул азырынча орто кылымдагы кыргыздар тууралуу жалгыз миниатюралык сүрөт. Сүрөттө ак калпак кийген кыргыз

ханынын тактысында оң жагында жашыл, сол жагында гүлдүү көк жаздыктарды жазданып, кербезденип отурган абалы, жанында үч ак калпакчан нөөкөрлөрү, экөө сакалдуу, бирөө оң, экинчиси сол тарабында, сыягы, хан Бакайдай кеңеш берүүчү адамдары болсо керек. Хандын алдына килем төшөлүп, алдына дүр тамактар жайнап, айлана-чөйрө гүлдөргө толгон. Селде чалынган төрт нөөкөр, анын ичинен бирөө колуна кылыч кармап турат. Бардык нөөкөрлөрдун жүзү композициянын борбору болгон ортодогу хан тарапты карап, көңүл чордонунда. Курал кармаган ак калпакчан, көк чапанчан, экинчиси селдечен, сары чапан жан сакчылардын көздөрү сырт тарапта, бирөө кирип келбейби дегендей көз караштa. Сүрөттөрдөгү кыргыз ханынын, жанындагы нөөкөрлөрүнүн, ошол мезгилдеги адамдардын жашоо шартын, кулк-мүнөзүн, кийген кийимдерин, урунган курал–жарактарын, буюмдарын көрүп, ошол мезгилди элестете аласың. Сүрөт өнөрүнүн түбөлүктүүлүгү мына ушунда. Диний тыюу салуулары сүрөт өнөрүнүн өсүшүнө терс таасирлери катарында, кыргыз, деги эле мусулман маданиятынын артка калуусуна себепкер катары карасак болот.

XII-XVI кылымдардан баштап балбал таштарды коюу, адамдардын, жаныбарлардын келбеттерин сүрөткө түшүрүү, таш чегүүчү жана бедизчилик (скульптордук) кылуу, кылымдап зер буюмдардын бетине алтын, күмүш, коло, жезге, темирге, ташка, жыгачка жана кагазга түшүрүп келген кыргыз эли өнөрчүлүк кылган өнөр багытынан айрылышкан. Гүлдөгөн сүрөт өнөрүндөгү бедизчилик, живопись тармактары, жаныбарлар стилиндеги анималистика, бейне (портрет) жанрлары өз жашоосун токтоткон.

Ислам дининин каршылыгы, тыюу салуусунун натыйжасында сүрөтчүлөр, кол өнөрчүлөр аргасыз, айласыз көчөт оюуларга (өсүмдүк, мүйүз оюмдарга) өтүүгө аргасыз болушкан. XX кылымдын 30-жылдарынан баштап ата-бабабыздын өнөр-устачылыгынын, сүрөтчүлүгүнүн, узчулунун учугун улап отурабыз.

Орто кылымдагы энесайлык кыргыз сүрөтчүлөрүнүн ааламды таң калтырган көркөм чыгармалары жана Аксак Темирдин тукумдарынын заманынан калган миниатюралардын ислам дининин таасирине карабай бизге жетиши - тарыхый баа жеткис чоң табылга .

Азыркы күнү мусулман диний кинолору, мультфильмдери, картиналары, байма-бай көрсөтүлүп жана тартылып жатат. Андагы сүрөттөлүштүн бир өзгөчөлүгү: Мухамед пайгамбардын жүзү (бети) гана көрсөтүлбөйт. Илимий прогресстин өнүгүшү ислам динине өзүнүн оң таасирин тийгизип, сүрөт өнөрүндөгү кайра жаралууга алып келди десек, жаңылбайбыз.

Адабияттар:

1. Бернштам А.Н. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер. - Бишкек, 2004.

2. Евтюхова А.А.Археологические памятники Енисейских кыргызов (хакасов). - Абакан, 1948.

3. Изобразительное искусство Кыргызстана. /Под редакцией А.А.Салиева. - Фрунзе, 1987.

4. Абдыбаев К.Ы. Сүрөт өнөрү жана жанрлары. - Бишкек, 2014.

5. Биздин Кыргызстан. Популярдуу тарыхый энциклопедия. –Meqa Basim, Түркия, 2004.